КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Жибек жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз I отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 4**

Согонду айылы 2024-жылдын 15-марты

**“Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесин жана “Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесин юридикалык каттоодон өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүү» жөнүндө ПЖ №370 Жарылыгы жана КР МК 07.02.2024-жылдагы №52-токтомун аткаруу менен “Ленин” жана “Бүлөлү” айыл өкмөттөрүн кайра уюштурууда юридикалык (укуктук) колдоо көрсөтүү, “Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси жана “Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесин юридикалык каттоодон өткөрүү, мөөр жана штамп жасатуу, юридикалык жалпы иш кагаздарын жасап даярдоо максатында **токтом кылат:**

1. “Ленин” жана “Бүлөлү” айыл өкмөттөрүн кайра уюштурууда юридикалык (укуктук) колдоо көрсөтүү, “Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси жана “Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесин юридикалык каттоодон өткөрүү, мөөр жана штамп жасатуу, юридикалык жалпы иш кагаздарын жасап даярдоого төлөө үчүн эсеп-дүмүрчөккө ылайык тикелей келишим түзүлсүн;

2. Тикелей келишим түзүү менен иш кагаздарына ылайык тиешелүү акча каражатын бөлүп берүү ФЭБ башчы Б. Мамановго милдеттендирилсин;

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу ФЭБ башчы Б. Мамановго, көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын орун-басары-жооптуу катчы К. Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**